Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2017-жылдын 13-декабрындагы
№ 2017-П-07/51-1-(ДКП) токтому
менен бекитилген

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫНЫН

# ОРТО МӨӨНӨТКӨ КАРАЛГАН

# НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

**Бишкек**
**2017-жылдын декабрь айы**

**Акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган негизги багыттары**

**1-глава. Жалпы жоболор**

Документте Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган негизги багыттары аныкталып, акча-кредит саясаты боюнча чечимдерди кабыл алуу процессинде базалык документ катары колдонулат.

Улуттук банктын акча-кредит саясаты мамлекеттин жалпы экономикалык саясатынын бөлүгү катары макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылууга багытталган. Борбордук банк макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуунун маанилүү элементтеринин бири катары баа туруктуулугун камсыз кылуу жана алгылыктуу инфляциялык чөйрөнү түптөө максатында акча-кредит саясатын ишке ашырат, бул өз кезегинде Кыргыз Республикасынын узак мөөнөткө туруктуу экономикалык өнүгүүсү үчүн өбөлгө түзөт. Баа туруктуулугу дегенден улам, экономика субъекттеринин экономикалык чечимдерине олуттуу деле таасир этпеген орто мөөнөттүк мезгил ичиндеги керектөө баасынын жалпы деңгээлин түшүнүү зарыл.

**2-глава. Акча-кредит саясатынын максаттары жана милдеттери**

1. Баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу акча-кредит саясатынын негизги максаты. Ал эми орто мөөнөттүк мезгил ичинде инфляция деңгээлин 5-7 пайыз чегинде чектеп туруу саясаттын максаттуу көрсөткүчүнөн болуп саналат. Улуттук банк башкы максатты көздөө менен орто мөөнөттүк аралыкта инфляцияны таргетирлөө режимине бара-бара өткөрүүнү милдет катары болжолдоодо. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан эсептелинген жана жарыяланган керектөө баа индекси инфляция көрсөткүчү катары колдонулат.

2. Республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө өбөлгө түзүү үчүн улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банк жана төлөм системаларынын иш натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу белгиленген максатка жетүүдөгү негизги милдеттен болуп саналат. Республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө дем берүү иши Улуттук банктын иш максатына жетүүсүнө тоскоолдук жаратпай турган деңгээлде жүзөгө ашырылат.

3. Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу өлкөнү өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү улуттук стратегиясынын милдеттеринин жана максаттарынын ишке ашырылышына багытталат.

4. Улуттук банк инфляцияны таргетирлөө режимине өтүүнүн негизги шарты катары акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизмин өркүндөтүүгө негизги күч-аракетин жумшайт, ошондой эле саясаттын каражаттарынын (инструменттеринин) натыйжалуулугун жана ийкемдүүлүгүн жогорулатуу жагында ишти улантат.

5. Акча-кредит саясаты, өлкөнүн маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө анын таасир этүүсүнүн убакыт ажырымын эске алуу менен иштелип чыгат.

6. Кыргыз Республикасынын экономикасынын жетишээрлик ачык-айкындуулугу, өлкөнүн импорттон көз каранды экендиги жагдайынын сакталып турушу, макроэкономикалык абалдын туруксуз мүнөзгө ээ экендиги ошондой эле, калктын рационалдуу эмес инфляциялык күтүүлөрү баа динамикасынын ар кандай таасирлерге дуушарланышы ыктымалдыгын шартташы мүмкүн. Тобокелдиктер орун алган шартта, бул жагдай инфляциянын максаттуу көрсөткүчүнөн четтөөсүнө алып келсе, өз учурунда кабыл алынган акча-кредит саясатынын чаралары аны максаттуу мааниге дал келтирүүгө багытталат.

**3-глава. Акча-кредит саясатынын негизи**

7. Кыргыз Республикасындагы макроэкономикалык абалга жана тышкы чөйрөгө жүргүзүлгөн комплекстүү талдап-иликтөөлөргө негизделген инфляция болжолдоолор акча-кредит саясатынын аралык көрсөткүчү катары каралат.

8. Саясаттын негизги инструментинен болгон эсептик чен акча рыногунда каражаттардын наркынын көрсөткүчү болуп саналат. Эсептин чен бекитилген жана банктын интернет-сайтында жайгаштырылган календарга ылайык, Улуттук банк Башкармасы тарабынан мезгил-мезгили менен аныкталып турат.

9. Акча рыногунун кыска мөөнөттүк пайыздык чендери саясаттын операциялык көрсөткүчү болуп саналат. Пайыздык чендерди акча-кредит саясатынын көрсөткүчү катары колдонуу, Улуттук банкка кыска мөөнөттүү рыноктук чендерге таасир этүүгө мүмкүндүк берүү менен акча жана кредит рынокторунун пайыздык чендеринин жакындашуусуна шарт түзөт. Улуттук банк эсептик чен алкагында пайыздык чендердин маанисин аныктайт. Пайыздык чендердин төмөнкү чеги катары Улуттук банктын акча-кредиттик инструменти «овернайт» депозити» боюнча чен, ал эми жогорку чеги катары «овернайт» кредити» боюнча чен колдонулат.

10. Пайыздык чендер банктар аралык рынокто түптөлгөн жигердүүлүккө таасир эте алгандай белгиленүүгө тийиш. Төмөнкү жана жогорку маанилер акча рыногунун катышуучулары үчүн чек индикаторлору катары колдонулат, алар пайыздык чендин чегинде бүтүмгө келишүүгө өбөлгө түзөт.

11. Улуттук банк акча-кредит саясаттын бардык инструменттерин: мисалы, ачык рыноктогу операциялар, кайра каржылоо операциялары, анын ичинде “туруктуу мүмкүнчүлүккө ээ болуу терезеси” механизми бар, жана “ийкемдүү жөнгө салуу” операциялары сыяктуу, колдонот. Бул инструменттер зарылчылыкка жараша модификацияланат, ал эми жаңылары колдонууга киргизилет.

12. Акча-кредит саясаты макроэкономикалык болжолдоолорго жана экономикалык саясатка талдап-иликтөөлөргө, ошондой эле болжолдоолорду жана талдап-

иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн учур талабына жооп берген ыкмаларын колдонуу аркылуу иштелип чыгат. Статистикалык жана моделдик аппаратты колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү жана тереңдетүү, өлкө экономикасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен экономикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын тажрыйбага киргизүү аркылуу саясат боюнча чечимдерди кабыл алуу жол-жобосунун жана аналитикалык негиздемелердин сапатын жогорулатуу жагында иш улантылат.

**4-глава. Алмашуу курсу саясаты жана эл аралык кам**

13. Улуттук банк өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун кабыл алынган режимине ылайык ишти улантат. Валюталык интервенциялар алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүн текшилөө максатында гана ишке ашырылат.

14. Эл аралык камдарды тескөө иши камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча негизги принциптерди эске алуу менен жүргүзүлөт. Борбордук банк тышкы рыноктордо чет өлкө валюта курстарынын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн тассирин жеңилдетүү, камдык активдеринин наркынын түшүп кетиши тобокелдигин диверсификациялоо, алтын-валюта камын топтоо максатында ички рынокто улуттук валютага алтын сатып алуу ишин улантат.

**5-глава. Аткаруу бийлик органдары менен иш алып баруу**

15. Улуттук банк акча-кредит саясатын жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен иш алып барат. Биргелешип иш алып баруунун алкагында Улуттук банк экономикалык саясат тууралуу биргелешкен билдирүүнү, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдоолорун, акча-кредит саясаты маселесине тиешелүү биргелешкен башка документтерди иштеп чыгууга катышат.

16. Акча-кредит жана бюджет-салык саясаттарынын макулдашуусун камсыз кылуу максатында Ведомстволор аралык координациялык кеңештин алкагында Финансы министрлигинин жана Улуттук банктын катышуусунда жолугушуулар үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат.

**6-глава. Коммуникация саясаты**

17. Улуттук банк акча-кредит саясатын иштеп чыгып, ишке ашырууда чечим кабыл алуу процессинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу, анын ичинде алгылыктуу инфляциялык күтүүлөрдү кошо алганда, экономика субъекттеринин рынокто оптималдуу иш алып баруусун жөнгө салуу жана коомчулукка акча-кредит саясаты маселелери боюнча маалыматтарды сунуштоо максатында жигердүү коммуникация саясатын жүргүзөт.

18. Чейрек сайын тышкы жана ички экономикалык чөйрө, экономикалык мүмкүнчүлүктөргө, тенденцияларга баа берүү баяндамасын жана инфляция боюнча болжолдоолорду камтыган акча-кредит саясаты жөнүндө отчет жарыяланып турат.